**Көркөм өнөр предмети боюнча 2022-жыл, 9-августа Кут Билим газетасындагы Базистик окуу планындагы окуу жүктөмдөр боюнча Түшүндүрмө**

2022-жыл, 9-августа Кут Билим газетасында Базистик окуу планындагы окуу жүктөмдөр боюнча жазылган түшүндүрмөдө Көркөм өнөр предмети 1-4-класстар эки сааттык жүктөм менен окутулат деп туура эмес жазылган. Ал эми таблица түрүндө берилгенинде 3-4-класстар бир сааттык жүктөм менен окутулаары туура берилген.

Көркөм өнөр предмети 2021-2022-окуу жылында 1-4-класстарда эки сааттык жүктөм менен окутулган, ал эми 2022–2023-окуу жылында базистик окуу планында белгилендей, 1-2-класстарда жумасына 2 саат, 3-4-класстар жумасына 1 сааттык жүктөм менен 2014-жылыкы окуу программанын негизинде атайын адистиги бар, педагогикалык квалификацияга ээ мугалимдер ишке ашырат. 1-2-класстар үчүн эки сааттык жүктөм менен окутуу боюнча окуу программасынын негизинде (кыргыз, орус тилдеринде) даярдалган календарлык тематикалык план колдонулат.
5-6-класстар үчүн предметтик стандарттын (https://edu.gov.kg жана http://kao.kg) негизинде (2015) окуу программалары түзүлгөн, окуу-методикалык комплекстер иштелип чыккан, предмет жумасына бир сааттык жүктөм менен окутулат. 7-класс биринчи жарым жылдыгында 17 саат жүктөм менен окутулат.